Food and Agriculture Organization of the United Nations

# ҮЙ КАНАТТУЛАРЫН ӨНДҮРҮҮДӨ АНТИБИОТИКТЕРДИ КОЛДОНУУНУ КАНТИП ТӨМӨНДӨТҮҮ КЕРЕК

Коюлган диагноздун негизинде ыландаган үй канаттусун гана антибиотик менен дарылаңыз; антибиотикти жемге аралаштырбастан сууга кошуп бериңиз. Антибиотикти ыланды алдын алуу үчүн же өстүрүүгө өбөлгө болуш үчүн колдонбоңуз.


Сырттан келген кишинин чарбага кирүүсүн чектеңиз, чарбага кирсе- кийимин, бут кийимин алмаштыруусун, колун жуушун камсыз кылыңыз.Чарбага кирген унааларды тазалап, дезинфекциялоо керек. Зыянкечтерге каршы күрөшүңүз, ооруну алып келбеси үчүн үй жана жапайы жаныбарларын киргизбегиле. "Баары бош / бардыгы бош эмес" принцибин колдонуңуз.

Жогорку сапатту вакцинаны колдонуңуз жана өндүрүүчүнүн көрсөтмөсүнө ылайык сактаңыз.

Кокусунан же акырындык менен пайда болуучу озгөрүүлөрдү өз учурунда байкоо үчүн, күн сайын үй канаттуулардын ден-соолугуна, жүрүм турумуна көзөмөл жүргүзүңүз. Ушул байкоо учурунда өлгөн үй канаттууларын жок кылыңыз.

Чарбадагы аба айлантуу системалары, азыктандыруу, сугаруу, жарык берүү, жайгаштыруу тыгыздыгы жана башка шарттар боюнча сунуштарды сактаңыз

Канаттууларды азыктандырууда пребиотиктерди, пробиотиктерди, эфирдик майларды, органикалык кислоталарды, эрибес тамак-аш булаларын колдонуу ичегилердеги пайдалуу бактериялардын көбөйүшүнө өбөлгө түзөт, антибактериалдык таасир берет жана анын ден-соолугуна жакшы таасир этет.





Тоокана жана колдонулган шаймандардан органикалык булгануулард кир кетирүүчү каражаттар жана/же ысык суу менен жууп тазалап, дезинфекциялаңыз,жыйытыктоочу тазалоону өткөрүңүз. Ар бир өндүрүш циклинен кийин тиешелүү тыныгуу убагын сактаңыз

Үй канаттууларынын башын толуктоо үчүн ишенимдүү чарбалардан алыңыз. Аталык үйүрдөгү тооктор эмдөөдөн өтүп, ылаңдардан таза болушу керек.





Чарбага келгенден кийин, балапандарга тезинен тоют жана суу бериңиз. Алардын азык-түлүк жана физиологиялык муктаждыктарын камсыз кылыңыз.

Санитардык-гигиеналык сапаты жогору суунун болушун камсыз кылыңыз. Суу системаларын тез-тез тазалап, дезинфекциялап туруңуз. Суугаруучу линияларды жума сайын жууп туруңуз.





Тоют тийиштүү сапатта болуп, жетиштүү энергия менен минералдар тең салмакта болушу керек. Тоютту туура сактаңыз. Өсүмдүк азыктарын колдонуу диетасы сунушталат.



**ҮЙ КАНАТТУУЛАРДЫ ӨНДҮРҮҮДӨ АНТИБИОТКТЕРДИ КАНТИП ЭФФЕКТИВДҮҮ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ КОШУМЧА МААЛЫМАТ АЛУУ ҮЧҮН, СКАНЕРЛЕП АЛЫҢЫЗ**


BY NC SA

S

© FAO, 2022


CB6811KY/1/06.22